# Баалоо критерийлери.



# БААЛООНУН ТҮРЛӨРҮ

| | Диагностикалык баалоо | Калыптандыруучу баалоо | Жыйынтыктоочу баалоо |
|---|---|---|---|
| Эмне үчүн колдону-лат? | Окуучулардын деңгээлин аныктоо жана мугалимдин (календардык, сабактык) пландарын оңдоп-түзөө мүмкүнчүлүгүн берет. | Окуучулардын жетишкендиктерине байкоо жүргүзүү жана окутуу процессин (сабактардын пландарын) ыңгайлаштыруу, өзгөртүүлөрдү киргизүү, оңдоп түзөө мүмкүнчүлүгүн берет. | Окуучулар окутуу процессинде эмнелерди үйрөнгөнү жөнүндө маалымат берет. |

# ДИАГНОЗДООЧУ БААЛООНУН МЕХАНИЗМДЕРИ.

- Билим берүү процессинде педагогикалык диагноздоо төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат:
- жетишүү дещгээлин аныктоо;
- окуучунун жетишкендиктерин анын мурдагы абалы менен салыштыруу;
- окуучунун билиминдеги кемчиликтердин себебин анализдөө;
- келечегиндеги жетишкендиктерди прогноздоо;
- окуучунун жетишкендиктерин интерпретациялоо жана баалоо;
- окуучуга диагноздоонун натыйжаларын маалымдоо;
- диагноздоонун натыйжасына карата окуучунун иш-аракетин контролдоо.


Калыптандыруучу
баалоо
Калыптандыруучу баалоо күн сайын ар бир сабакта
колдонулат.
Окуучунун окуганын түшүнүүсү калыптандыруучу
баалоонун түрдүү ыкмаларын колдонуу менен сабак
учурунда бир нече жолу текшерилет.
Калыптандыруучу баалоо баа коюу үчүн эмес,
көйгөйлөрдү аныктоо үчүн жүргүзүлөт.
Калыптандыруучу баалоонун натыйжалары мындан
аркы окутууну пландаштыруунун каражаты болуп

**Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо-** теманы, бөлүмдү белгилүү убакыт ичинде же ага карата изилдеп үйрөнүүнү аяктаганда билимдердин жана окуу билгичтиктери менен көндүмдөрүнүн калыптаныш деңгээлин аныктоого арналган. Жыйынтыктоочу баалоо текшерүүчү иштердин (тест, текшерүү, лабораториялык, изилдөө иштери, дил баян, эссе, долбоор, оозеки бетачаар ж.б.у.с.) ар кандай түрлөрүн аткаруунун жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт. Текшерүү иштери үчүн коюлган баалар жыйынтыктоочу бааларды аныктоо үчүн негиз болуп эсептелет. **Жыйынтыктоочу баага учурдагы, чейректик, жарым жылдык, жылдык жана экзамендик баа кирет.**

# Диагностикалык, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу баалоо

**Диагностикалык баалоо** - бул окуучунун компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышынын баштапкы деңгээлин аныктоо. Диагностикалык баалоо адатта окуу жылынын башында (биринчи сабакта) теманы, окуу бөлүмүн же бапты окуп-үйрөнөрдүн алдында, жүргүзүлөт.

***Диагностикалык баалоонун максаты*** – сабак боюнча тиги же бул класста өздөштүрүүгө белгиленген материалды, бөлүмдү же теманы окуп-үйрөнөр алдында окуучулардин билим деңгээли ал боюнча окутуунун максатына карата кайсы жерде экенин көрсөтүүчү маалымат алуу. Ошогон жараша мугалим окуу планына оңдоолорду киргизе алат. бул болсо керектөөлөргө жооп берет же көйгөйлөрдү чечет.

**Жыйынтыктоочу (суммативдик, жалпылоочу) баалоо** теманы, бөлүмдү белгилүү убакыт ичинде же ага карата окуп-үйрөнүүнү аяктаганда билимдердин жана окуу билгичтиктери менен көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин аныктоого арналган. Жыйынтыктоочу баалоо аткарылган текшерүү иштеринин ар кандай түрлөрүнүн (тест, текшерүү, лабораториялык, изилдөө иштери, дил баян, эссе, долбоор, оозеки бетачар ж.б.у.с.) жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт. Текшерүү иштери үчүн коюлган баалар жыйынтыктоочу бааларды аныктоо үчүн негиз болуп эсептелет. Жыйынтыктоочу баага учурдагы, чейректик, жарым жылдык, жылдык жана сынактын баалары кирет.

***Жыйынтыктоочу баалоонун максаты*** – убакыттын белгилүү мезгилине карата окуучуларда билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн калыптанышын жана билимдерди өздөштүрүү деңгээлин белгилөө жана алынган натыйжалардын стандарттын талаптарына шайкеш келишин аныктоо.

**Жыйынтыктоочу баалоонун жол-жобосу**

Окуучулар жетишүүгө тийиш болгон окуп-үйрөнүү максаттары каралат. Алардын жетишүү деңгээлин аныктоо үчүн көрсөткүчтөр аныкталат. Критерийлерди жана ар критерий баанын кандай проценттик бөлүгүн түзөрү аныкталат. Тапшырма берилет. Бааланууучу тапшырма аткарылган соң, критерийлерди пайдалануу менен иштин жыйынтыгы бааланат. Баа коюлуп, иштер окуучуларга  кайтарылып берилет.

**Калыптандыруучу баалоо** - бул окуучунун окуусуна байкоо жүргүзүүнүн максаттуу түрдөгү үзгүлтүксүз процесси. Калыптандыруучу баалоо расмий эмес (баа коюлбоочу) баалоо болуп эсептелет, критерийлерге ылайык баалоо негиздеме жана кайтарым байланыш менен коштолот.

***Калыптандыруучу баалоонун максаты*** – окуу процессинин жүрүшүндө мугалим менен окуучулардын иштерине оңдоо киргизүү.

Калыптандыруучу баалоо мугалимге алгачкы баскычтарда окуучулардын материалды кабыл алуу деңгээлин алдын ала баалоого мүмкүндүк берет жана мугалимде окуу процессине оңдоо киргизүүгө жардамдашат, ал эми окуучуга өзүнүн билим алышы үчүн чоң жоопкерчилик артылгандыгын билүүгө мүмкүндүк берет.

Калыптандыруучу баалоо кээде “окутууну жакшыртуу үчүн баалоо» деп аталат.  Баалоонун ушул эки түрүнүн ортосундагы айырманы жакшы түшүнүү үчүн баалоонун бир нече мисалын карайлы жана алар кайсы түргө - калыптандыруучу же жыйынтыктоочу түргө кирерин аныктайлы. Айрым мисалдар калыптандыруучу да, жыйынтыктоочу да баалоону чагылдырышы мүмкүн экендигин белгилей кетүү керек.

Калыптандыруучу баалоонун жол-жобосу жыйынтыктоочу баалоонун жол-жобосуна окшош, бирок баалоо анча расмий болбойт, анткени аны мугалимдер окуучулар жетишкен деңгээлде сабак берүүгө тандалып алынган ыкманын натыйжалуулугуна ишениш үчүн гана өткөрүшөт.

## Баалоонун түрүн

| Баалоонун мисалдары | Түрү |
|---|---|
| 1. Мугалим экзаменди жылдын аягында өткөзөт. | |
| 2. Мугалим топтогу окуучулар иштеп жатканда, тапшырманы кандай түшүнгөнүн билүү максатында байкоо салат, керек учурда аларга жардам берет. | |
| 3. Окуучулар өздөрү иштерин баалап, талкуулап бүтүп мугалимге өткөзүп беришет. | |
| 4. Мугалим жуманын аягында баяндамаларга баа коюп окуучуларга кайтарып берет. | |
| 5. Окуучулар жазуу түрүндөгү тапшырманы аткарып жатканда, мугалим классты кыдырып, ар бир окуучунун ишине байкоо салып, керектүү учурда эскертүү жасайт. Жыйынтыктоочу баа эч кимге коюлбайт. | |
| 6. Аткарылган баардык иштердин баалары эске алынып, окуучуга бир жыйынтыктоочу баа коюлат. | |
| 7. Баа коюунун ордуна, мугалим ар бир окуучуга тапшырманы аткарууда кандай стратегияны пайдаланса жакшы болорун түшүндүрөт. | |
| 8. Мугалим окучу менен ал эл жазуучусу Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы жөнүндө баяндаманы даярдоодогу жетишкендиктерин талкуулайт. | |
| 9. Мугалим окуучулар алгебра боюнча теңдемени чыгарууну өздөштүргөнүн билүү үчүн, окуучулардын дептерлерин карап чыкты. Балдардын көбү теманы түшүнбөй калганын байкап, баа койбостон теманы дагы бир жолу түшүндүрүүнү чечти. | |
| 10. Окуучулар тесттеги өз жоопторун туура жооптор менен салыштырышып, өздөрү баа коюп, мугалимге кайтарып беришти. Баалардын жыйынтыгы боюнча кийинки жумадагы окуунун максаттарын аныкташат. | |
| 11. Мугалим окуучунун кыргызча окушун оозеки баалап, баа коёт. | |
| 12. Мугалим этиштин өздүк мамиле формасынын колдонулушун түшүндүрүп жатып, класстын түшүнбөй жатканын байкайт. Ал теманы дагы бир жолу, бирок бүгүн эмес, эртең түшүндүрүүнүн натыйжалуурак жолун тапкандан кийин, түшүндүрүү керек деген чечимге келет,. | |
| 13. Мугалим окуучунун баяндамасынын алдын ала варианты менен таанышып көрүп, эскертүүлөрүн жазып, окуучуга андан ары жакшыртуусу үчүн кайтарып берет. | |
| 14. Мугалим окуучуларга диктант жаздырып, каталарын оңдоп туруп кайтарып берет. | |

***Калыптандыруучу баалоо ыкмалары:***

| Ыкмалар | Баалоо ыкмаларын пайдалануу жол-жобосу (процедурасы) |
|---|---|
| **Карточканын индекси (жалпылоо үчүн же суроолор үчүн)** | ***Мугалим*** окуучуларга эки жагында төмөнкүдөй тапшырмалары бар карточкаларды белгиленген убакытта таратып турат:<br>**1-тарабында: *Өтүлгөн материалдар (бөлүм, тема) боюнча түшүнгөн негизги идеяларды атап, жалпылаштыргыла.***<br>**2-тарабында: *Өтүлгөн материалдагы (бөлүмдөгү, темадагы) түшүнө элек жерлериңерди белгилеп, суроолоруңарды түзгүлө.*** |
| **Кол менен белги берүү** | Мугалим кайсы бир түшүнүктөрдү, принциптерди, процесстерди ж.у.с. түшүндүрүп жатканда, окуучулардан материалды түшүнгөн/түшүнбөгөнүн кол менен жаңсап белги берүүсүн суранат. Окуучулар менен ал белгилер тууралуу алдын-ала макулдашып алуу керек:<br>• ***Мен _______ түшүндүм жана түшүндүрүп бере алам (бармагын өйдөгө багыттайт)***<br>• ***Мен ______ дагы эле түшүнө элекмин (бармагын туура жакка багыттайт)***<br>• ***Мен ______ анык түшүндүм деп айта албайм (кол булгалайт)***<br>Белгилерди карап, мугалим топтун ар бир катышуучусунан сурайт. Алынган жооптордун жыйынтыктары боюнча мугалим теманы кайрадан өтүү, бышыктоо же программа боюнча материалды окутууну улантууну чечет. |
| **Светофор** | Ар бир окуучуда светофордун үч түсүндөгү карточкалар болот. Мугалим окуучулардан материалды түшүнгөн-түшүнбөгөнүн билдире турган белгини ушул түстөр менен көрсөтүүнү өтүнөт да, төмөнкү суроолорду берет.<br>Жашыл карточка көтөргөн (баарын түшүндүм деген) окуучуларга:<br>***- Силер эмнени түшүндүңөр?***<br>Сары же кызыл карточка көтөргөн окуучуларга:<br>***- Силер эмнени түшүнбөй калдыңар?***<br>Алынган жооптордун негизинде мугалим теманы кайталап өтүү, бышыктоо же программа боюнча окутууну уланта берүүнү чечет. |
| **Бир мүнөттүк эссе** | Бир мүнөттүк эссе – бул тема боюнча окуучулардын билгендерин көрүү үчүн мугалим колдоно турган ыкма.<br>Бир мүнөттүк эссе жазуу үчүн мугалим төмөнкүдөй суроолорду бериши керек:<br>• ***Сен бүгүн билип алган нерселердин ичинен кайсынысы эң маанилүү?***<br>• ***Кайсы суроолор сага түшүнүксүз бойдон калды?***<br>Окутуу чөйрөсүнө жана форматына жараша бир мүнөттүк эссе ар түрдүүчө колдонулушу мүмкүн:<br>• ***Сабак учурунда окуучулардын материалды ар бир баскычта кандай өздөштүргөнү текшерилет.***<br>• ***Сабактын акырында окуучуларга кийинки сабакта алар эмне кыларын кабарлоо үчүн колдонулат.*** |

| | |
|---|---|
| **Кеп үлгүлөрү (кыйытуу, багыттоо)** | Мугалим окуучуларга жооп камдоо үчүн керектүү кеп үлгүлөрүн (сөз айкаштарын, багыт берүүчү кыйытмаларды) мезгил-мезгили менен берип турат.<br>Мисалы: ***Негизги идея (принцип же процесс) – ________, анткени _____________*** ж. у. с. |
| **Түшүнүүнүн жаңылыштыгын текшерүү** | Мугалим окуучуларга кайсы бир идея, принцип же процесс жөнүндө көп кезигүүчү жаңылыш пикирлерди же алдын-ала көрө билүү мүмкүн болгон ката ойлорду айтат. Анан буга макул/макул эместиктерин, ойлорунун себептерин сурайт. |
| **Окуучу менен жекече баарлашуу** | Мугалим окуучулар менен алардын түшүнүү деңгээлин текшерүү максатында жекече баарлашат. |
| **3 мүнөттүк тыным** | Мугалим окуучуларга сабакта өтүлүп жаткан түшүнүктөрдү жана идеяларды ойлонуштуруу, мурунку материалдар, билим жана тажырыйба менен байланыштыруу, ошондой эле түшүнүксүз учурларды тактоо үчүн 3 мүнөттүк тыным берет.<br>• ***Мен ____ карата мамилемди өзгөрттүм…………………………….***<br>• ***Мен ____ жөнүндө көбүрөөк билдим:……………………………....***<br>• ***Мен _____ таң калдым:……………………………………………….***<br>• ***Мен ____ болгондой сездим……………………………………***<br>• ***___________карата менин мамилем мындай эле:______________.*** |
| **Температура өлчөө** | Бул ыкма окуучулардын тапшырманы канчалык туура аткарып жатканын билүү максатында колдонулат. Бул үчүн окуучуларды ишинен токтотуп, мугалим ***«Биз азыр эмне кылып жатабыз?» деп*** сурайт. Буга жооп берүү менен, окуучулар тапшырманын маңызын же аны аткаруу процессин канчалык терең түшүнгөндүгүн көрсөтөт. Айрым учурларда (жуп менен же топтордо иштегенде) мугалим бир жуптан же топтогулардан тапшырма кандай аткаруу керектигин көрсөтүп берүүнү өтүнөт. Калган жуптар же топтор эмне кылуу керектигин карап турушат, керек болсо толуктап же оңдошот. . |
| **Чакан тест** | Чакан тесттер окуучулардын чыныгы билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн, б.а. конкреттүү маалыматтарды, кайсы бир материалды билээрин баалого арналган.<br>Бул төмөнкүлөрдөн тандоо тести болуп саналат:<br>• сунушталган көп жооптон<br>• туура/туура эмес жооптордон<br>• кыска жооптуу |
| **Элективдүү (тандама) тест** | Мугалим ар бир окуучуга «А, В, С, D» тамгалары жазылган карточкаларды таратып берет да, бирдей убакта жооп берүүнү, б.а. туура жооптун тамгасы жазылган карточканы көтөрүүнү суранат. Мугалим окуучуларга жооп берерден мурун 20 секунд ойлонууну сөзсүз түрдө сунуш кылышы керек.<br>Мугалим окуучулар менен биргеликте жооптордун ар башка варианттарын талкуулап, ар кимден өзү тандаган вариантын |

| | |
|---|---|
| | түшүндүрүп берүүнү өтүнөт. Мындагы жооптордун негизинде мугалим окуучулардын окуп үйрөнүлгөн теманы канчалык жакшы түшүнгөнүн аныктап, ал теманы түшүндүрүүнү улантуу же андан кийинкисине өтүү керектигин чечет. |
| **Калыптандыруучу тест** | Мугалим окуучуларды чакан топторго (4-5 кишиден) бөлөт. Ар бир окуучу тесттин суроолору жазылган барак менен тесттин жоопторун жазуу үчүн барак алат. Окуучуларга тесттин суроолорун чакан топтордо талкуулоо үчүн убакыт берилет. Талкуудан кийин окуучулар жооп барактарын өз алдынча толтурушат. Ар бир окуучунун упайлары өзүнчө эсептелет.<br>Окуучуларга топтогу башка шериктеринин оюна каршы туруп, өздөрү туура деп эсептеген жоопту белгилөөгө акылуу экендигин айтып коюу керек. Суроо-жоопторун топто талкуулаганда бир пикирге келүү талап кылынбайт. |
| **Өзүн өзү баалоо күндөлүктөрү/ журналдары** | Өзүн өзү баалоо күндөлүктөрү/журналдары мугалим жана окуучу сабактын жүрүшүндө алынган билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө, иш билгиликтерге, ошондой эле алардын кандайча алынгандыгына, көлөмүнө баа бериши үчүн ачылат. Күндөлүктөр мугалимге окуучулардын өсүш деңгээлин билүү жана билим берүү процессин жакшыртуу үчүн тийиштүү кадамдарды жасоодо пайдасы тиет. |
| **Калыптандыруучу сурамжылоо** | Бул – материалдын жүзачарынан же сабактагы иштин кандайдыр бир түрүнөн кийинки текшерүү формасы. Мугалим кошумча тактоочу суроолорду берет: «***Эмне үчүн? Кантип? Кандайча?…»***.<br>- ___________________ *кандайча, эмнеси менен* __________________ *-га (-дан) окшош же айырмаланат?*<br>- ______________*-нын кандай мүнөздүү өзгөчөлүктөрү (бөлүктөрү) бар?*<br>- ____________________*-ны биз кандайча көрсөтө, иллюстрациялай алабыз?*<br>- _________________________*-нын негизги идеясы, тыянагы кандай?*<br>- ______________*-нын* ____________________ *менен кандай катышы бар?*<br>- *Силер* ____________ *-га кайсы идеяларды, тактоолорду кошумчалайт элеңер?*<br>- _____________________*-га мисал келтиргиле?*<br>- __________________*-да эмнеси туура эмес?*<br>- __________________*-дан кандай жыйынтык чыгарат элеңер?*<br>- ______________ *менен кайсы суроого жооп берүүгө аракеттенебиз?*<br>- *Кайсы маселени биз чечүүгө аракеттенебиз?*<br>- ________________ *эмне кылууну сунуштайсыңар?*<br>- *Эгер* ________________*, эмне болор эле?*<br>- _____________ *баалоо үчүн кайсы критерийлерди колдонот элеңер?*<br>- ____________ *бекемдөө үчүн кандай далилдерди же тастыктоолорду келтире аласыңар?*<br>- _____________ *силер кантип бекемдей же төгүнгө чыгара аласыңар?*<br>- *Муну* ______________ *жактан кандайча караштырууга болот?*<br>- __________*-да кайсы альтернативаларды көңүлдө тутуу керек?*<br>- __________*-да кайсы усулдарды (ыкмаларды) колдонууга болот?* |

| | |
|---|---|
| **Жаңы материалды түшүнгөнүн текшерүү көнүгүүлөрү** | Мугалим төрт чарчыда төмөнкүдөй жазуулары бар таблица түзгөт: **«Алдын ала айтуу», «Түшүндүрүү», «Жалпылоо» жана «Баалоо»**. Жаңы материалды түшүндүргөн соң, окуучулардан кайсы бир чакмакты тандоону өтүнөт. Мында мугалим ар бир окуучу жаңы окуп үйрөнүлгөн тема боюнча өзү аткара турган тапшырманын тибин кандайча тандашы керектигин тактап айтат. Анан, кайсы чарчы тандалганына жараша, суроо берет.<br>**Мисалы**: (1) Эгерде окуучулар «**Жалпылоо**» чакмагын тандаса, анда мугалим: **«Жаңы материалдын негизги идеяларын санап бергиле», –** десе болот.<br>(2) Эгер окуучулар «**Түшүндүрүү**» чакмагын тандаса, мугалим: **«Бул терминди (түшүнүктү) силер кандай түшүнөсүңөр?» –** деп сураса болот. |
| **Ички жана сырткы тегерек** | Окуучулар ички жана сырткы эки тегерек болуп тизилет. Окуучулар бири-бирин карап турушат да, **өтүлгөн тема боюнча** алдын ала жазылган **суроолорду беришет**. Анан сырткы тегеректе турган окуучулар жылышат да, жаңы жуптарды түзүшөт. Жогорудагы сыяктуу суроо-жооп улантылат. |
| **Бир сүйлөм менен жалпылоо** | Мугалим окуучуларга **«Ким? Эмне? Кайда? Качан? Эмне үчүн? жана Кандайча?»** деген суроолорго жооп берген сүйлөм түзүү аркылуу жаңы теманы жалпылоону өтүнөт. |
| **Бир сөз менен жалпылоо** | Мугалим окуучуларга мындай тапшырма берет:<br>***«Теманы эң таасын жалпылай турган бир сөздү тандагыла».*** |
| **Жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөр** (жазуу жүзүндөгү кайтарым байланыш) | Баалоонун зарыл бөлүгү – кайтарым байланышты камсыздоо. Окуучулардын жазуу иштерин текшергенде, мугалим баалоо критерийлерине жана натыйжага жетишүү деңгээлине жараша өзүнүн түшүндүрмөлөрүн (комментарийлерин) берет. Түшүндүрмөлөр айкын жана окутуп үйрөтүүчү мүнөздө болушу керек. Жазуу ишин текшергенде, туура жерлерин бир түстөгү, ондоо, толуктоо талап кылынган жерлерин башка түстөгү калемсап менен белгилөөгө болот.<br>Жазуу иштерине карата түшүндүрмөгө эске салууну (эмнени толуктап иштөө керектиги жөнүндө), кыйытууну же мисалдарды кошууга болот. |
| **Сөз түрүндө баа берүү** (оозеки кайтарым байланыш) | Баа берүүнүн эң кеңири таралган түрү. Мугалим окуучуну көнүгүүнү жакшы аткаргандыгы үчүн мактап, оозеки кайтарым байланышты камсыздайт. Демек, окуучу бул материалды же маалыматты жакшы өздөштүргөндүгүн түшүнөт.<br>Мугалим окуучунун көнүгүүдө кетирген каталарын көрсөтөт. Ал эч кандай баа койбосо да, баалайт. Ошентип, окуучу жакшыраак натыйжага жетишүү үчүн эмне кылуу керектигин түшүнөт. |
| **Өзүн-өзү баалоо** | Бул окуучулар өздөрүнүн окуп-үйрөнүүсү жөнүндө маалымат топтоп, талдоо жүргүзгөн, окуп-үйрөнүүдөгү өсүшү жөнүндө тыянак жасаган процесс. Өзүн-өзү баалоону жүргүзүүнүн зарыл шарты – ишти баалоо критерийлеринин болушу (бул критерийлерди окуучуларга теманы окуп-үйрөнөр алдында же ишти аткарганга чейин тааныштырып коюу керек). |
| **Кош жылдыз жана каалоо (өз ара баалоо)** | Окуучулардын чыгармачыл иштерин, дилбаяндарын, эсселерин баалоодо колдонулат.<br>Мугалим окуучуга класcташынын ишин текшерүүнү сунуштайт. Окуучулар бири-биринин ишине түшүндүрмө (комментарий) бергенде, ишке баа коюшпайт, жөн гана ийгиликтүү эки жерин **(«кош жылдыз»)** жана толуктап иштөө керек болгон бир жерин белгилейт (**«каалоо»**). |

**Критерий жана критерийлердин мисалдары**

**Критерий** – бул баа берүүгө, бир нерсени аныктоого жана классификациялоого негиз болуучу белги, баанын ченеми

## Критерийлердин мисалдары:

- окуучу сандарды бөлүүнүн алгоритмин ырааттуу түзөт;
- презентация бештен көп эмес слайддан турат;
- окуучунун иши аргументтер, цитаталар, статистикалык маалыматтар, фактылар менен ырасталат;
- окуучу мисалдарды чечүүдөгү кыймылдарды иретин туура коёт жана так жоопторду чыгарат;
- иштин максаттары жазылган;
- ишке таблицалар, диаграммалар киргизилген;
- окуялар ырааттуу берилген;
- иштин аягында (дилбаян ж.б.) жыйынтыктар жасалган;
- анын жасалгаланышы жана көрсөтмөлүүлүгү;

.

## Коюлган максаттарга ылайык жазуу иштерин текшерүү үчүн баалоо критерийлери

Сабак: Математика
Класс: 5
Сабактын темасы: Бөлчөктү сандан жана санды анын бөлүгүнөн табуу

| Сабактын максаты: | Көрсөткүчтөр: |
|---|---|
| **Билим берүүчү:** Материалды окуп бүткөндөн кийин окуучулар<br>1. бөлчөктү сандан таба алышат;<br>2. санды бөлчөктүн бөлүгүнөн таба алашат. | Окуучулар, эгерде сабактын аягында төмөндөгүдөй маселелерди чыгара алышса, максатка жетишет,:<br>• Атасы 36 жашта. Кыздын жашы атасынын жашынын 2/6 бөлүгүн . түзөт. Кызы канча жашта?<br>• Эгерде жолдун 3/5 бөлүгү 15 км түзсө, анын узунугу канча? |
| **Өнүктүрүүчүлүк:** окуучулар бөлчөктөрдү салыштыра алышат. | • Окуучулар бөлчөктөрдү бири- бири менен салыштырып алышат, «<» же «>» белгини колдонуп алышат. |

Окутуучу классты 3 топко бөлүп, ар бир топко маселенин шарттары жазылган карточка берет. Ар бир топтун тапшырмасы: маселенин шарттын туура жазып жана аны чыгаруу керек.

**I топ:** Көп кабаттуу үйдө квартиралардын ¼и бир бөлмөлүү квартиралар. Эгерде бир бөлмө квартиралардын саны 9 болсо, үйдө бардыгы канча квартира бар?

**II топ:** Бакытта 150 сом бар болчу. Дептерге ал акчасынын 3/5үн жумшады. Бакыт канча акча жумшады?

**III топ:** Унаа токтотуучу жайда 90 унаа турчу. Эртең менен 1/3и кетти. Канча машина кетти?

**Баалоонун критерийлери:**

**1.** ______________________________________________
**2.** ______________________________________________
**3.** ______________________________________________

## *Баалоо критерийлерин градациялоонун конкреттүү мисалдары*

| Критерий | Критерийдин градациясы | | | |
|---|---|---|---|---|
| | «5» деген баа | «4» деген баа | «3»деген баа | «2/1»деген баа |
| Окуучу-лардын жазуу түрүндөгүтек шерүү иштерин баалоо | • жумуш толук аткарылган;<br>• логикалык ой жүгүртүүлөрдө жана чыгарылышты негиздөөдө каталар, кемчиликтер жок. чыгарылышта математикалык каталар жок ( бир гана тактык эместик, жаңылыш жазуу болушу мүмкүн, ал окуу материалын түшүнбөгөндүк-түн же билбегендиктин натыйжасы эмес). | • жумуш толук аткарылган, бирок, чыгарылыштын кадамдарын негиздөө жетишсиз (эгерде ой жүгүртүүнү негиздөө билгичтиги текшерүүнүн атайын объекти болбосо);<br>• бир ката же эки-үч кемчилик эсептөөлөрдө, сүрөттөрдө, чиймелерде, графиктерде кетирилген (эгерде жумуштун бул түрлөрү текшерүүнүн атайын объекти болбосо). | • бир эмес, андан көбүрөөк ката жана эки-үч эмес андан көбүрөөк кемчиликтер эсептөөлөрдө, сүрөттөрдө, чиймелерде, графиктерде кетирилген, бирок, окуучу текшерилип жаткан тема боюнча милдеттүү түрдө жетиши керек болгон билгичтиктерге ээ. | • берилген тема боюнча олуттуу каталар кетирилген, алар окуучу берилген тема боюнча милдеттүү түрдө жетиши керек болгон билгичтик-терге толук көлөмдө ээ эместигин көрсөтүп турат. |

**Бааны төмөндөтүүгө таасир эткен каталар менен кемчиликтердин классификациясы**
**Каталар:**

- тапшырманы аткаруунун негизиндеги же аны чыгарууда колдонуучу касиеттерди, эрежелерди, алгоритмдерди, болгон көзкарандылыктарды билбөө же туура эмес колдонуу;
- кыймылдарды, иш-аракеттерди туура эмес тандоо ;
- тапшырманын максаты – эсептөө билгичтиктерин жана көндүмдөрүн текшерүү болгон учурда – туура эмес эсептөөлөр;
- туура жоопту алууга олуттуу таасир берген математикалык эсептөөлөрдүн, кыймылдардын, операциялардын бөлүктөрүндөгү кемчиликтер;
- аткарылган кыймылдарга жана алынган жыйынтыкка түшүндүрмө тексттин, тапшырманын жообунун, чоңдуктардын аталышынын ылайык келбестиги;
- аткарылган ченөөлөр менен геометриялык түзүүлөрдүн берилген параметрлерге ылайык келбестиги;

**Кемчиликтер:**

- берилгендерди туура эмес көчүрүп жазуу (сандарды, белгилерди, белгилөөлөрдү, чоңдуктарды);
- математикалык эсептөөлөрдү берүүдө математикалык терминдерди, символдорду, каталар менен жазуу;
- тапшырманын максаты эсептөө билгичтиктери менен көндүмдөрдү текшерүү менен байланышпаган учурда туура эмес эсептөөлөр;

тапшырмада жооптун жоктугу же жоопту жазуудагы каталар;

жогоруда айтылган учурларда иш боюнча жалпы таасир үчүн бааны төмөндөтүүгө жол берилет.

## Натыйжалуу баалоонун критерийлери

Бул варианттарды төмөндөгү баалоо критерийлерине дал келтиргиле:

1. *Алар критерийлерге негизделүүгө тийиш*
2. *Алар окуп-үйрөнүүчүлөр үчүн пайдалуу болушу керек*
3. *Алар ишенимдүү болууга тийиш*
4. *Алар окуучуларга белгилүү болушу керек*
5. *Алар жарамдуу (валиддүү) болушу керек*
6. *Алар ишке ашкыдай болушу керек*
7. *Алар кайрадан текшерилгендей болууга тийиш.*

1. Эгер баалоонун кайсы бир каражатын экинчи ирет ошол эле окуучулар менен бирге колдонсок, дал ошол натыйжалар кайталанат деп биз ишеничтүү түрдө айта алабыз. Мисалы, жооп варианттары бар тесттер анча ишеничсиз болушу ыктымал, анткени окуучулар жоопторду кокусунан эле туура тапкан учурлар кездешет.
2. Баалоо каражаты биз баалагыбыз келген нерсенин дал өзүн, б.а. окутуунун күтүлүүчү натыйжаларын баалайт деп ишеничтүү түрдө айта алабыз. Мисалы, эгер биз окуучуга сөздөрдү айттырып көрүп анын окуу жана түшүнүү жөндөмүн баалasak, биздин баалоо каражатыбыз ишенимдүү болбойт, анткени айтуунун өзү окуу үчүн такыр эле болор-болбос көндүм экенин билебиз. Окуучунун окуу жана түшүнүү жөндөмүн баалоо үчүн башка көндүмдөр менен катар текстти декоддоштуруу (чечмелөө, таануу) жана жазылган нерсенин маанисин түшүнүү көндүмүн да баалашыбыз керек.
3. Биз койгон баанын тууралыгын башка бирөөлөр кийинчерээк текшере алат. Мисалы, эгер баалоону оозеки сурамжылоо жолу менен жүргүзгөн болсок, алынган жоопту кийинчерээк башка бирөө да, мугалимдин өзү да кайрадан текшерип көрө албайт. Эгер окуучуларыбыз биздин баалоо каражатыбызга ишенишин жана аны ачык-айкын, адилеттүү деп эсептешин кааласак, жыйынтыктоочу баалоодо бул критерий эң зор мааниге ээ болот.
4. Демек, баалоодо баага таасир этүүчү жагдайлардын так белгиленген тизмеси биздин колубузда болууга тийиш. Мисалы, эгер окуучулардын сөзмөрлүк жөндөмүн баалагыбыз келсе, баанын 25%ын сөздүн грамматикалык жактан тууралыгы, 25%ын теманы ачып бергендиги, 25%ын туура айтуу, дагы 25%ын угуучулардын кызыгуусун басаңдатпай өзүнө тарта билүү жөндөмү түзөт. Жыйынтык баа ушул төрт бөлүк боюнча бааларды кошуу жолу менен чыгарылат.
5. Бул биз окуучуларды кайсы критерийлер боюнча баалай тургандыгыбызды аларга айтабыз дегенди билдирет.
6. Бул текшерүү ишин окуучулардын жаш курагына жараша жөндөмүн эске алуу менен белгиленген убакыт ичинде бүтүрүүгө болот дегенди билдирет. Бирок бул тапшырманы окуучулардын баары аткара алаарын билдирбейт. Албетте, эгер силер окуучулардын ушул көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жетишкен болсоңор, алардын көпчүлүгү тапшырманы аткарышы мүмкүн, бирок баары бир айрымдары аткара албай калат. Эгер биз окуучуларга аткаруу үчүн материалды окуп-үйрөнүү мүмкүнчүлүгү болбогон тапшырманы берсек, алар окууга кызыгуусун жоготуп коюшат.
7. Бул баалоонун натыйжаларын окуучу жакшыраак окуу үчүн пайдалана алат дегенди билдирет. Эгер биз окуучуга: «Сен тапшырдың», же «Сен тапшыра албай калдың», - деп койсок, алар өз окуусун кантип жакшыртуу жөнүндө эч кандай пайдалуу маалымат албай калат. Бирок, экинчи жагынан алганда, өтө көп маалымат берүү да, өтө аз бергендей эле, жарабайт.

## Математика сабагы. Мугалимдин ишин баалоо

Мугалим «Тик бурчтуктун аянты» деген темада сабак өтүүдө. Сабактын жүрүшүндө мугалим окуучуларды окуу китебиндеги эсептерди чыгаруусун өтүнөт.

Сабактын жүрүшүндө мугалим окуучуларды тик бурчтуктун аянтын ооз эки табуусун талап кылат. Ал суроо берип, колун биринчи көтөргөн окуучуга жооп берүүгө мүмкүндүк берет. Андан кийин мугалим жооптун туура, туура эместигин текшерет. Окуучулардын жооптору көпчүлүк убакта туура. Суроо-жооп учурунда мугалим класста 26 окуучу болсо да, 3 окуучуну башкалардан көп сурайт.

Сабак убагында мугалим класста ары-бери басып, баардык окуучулар жазуу түрүндөгү тапшарманы аткарып жатышканын көзөмөлдөйт, кээ бир учурларда алардын жазган ишин да текшерет.

Сабактын аягында мугалим баягы 3 окуучу жогорку баа алды деп белгилеп, окуучуларга баа коёт.

Суроолор:

- *Баа коюу жана баалоо ушундай жүргүзүлүшү керекпи?*
- *Эгер жок десеңиздер, эмнелер туура эмес?*
- *Эмнелерди өзгөртүү керек?*

---

## Талдоо

*«**Талдоо** бул нерсени (кубулушту, процессти) кыял менен бөлүктөргө, элементтерге же белгилерге бөлүүнү, аларды түзүүнү жана олуттууларын, б.а. зарыл жана белгилүү сапаттарын жана касиеттерин аныктоо максатында салыштырууну жана ырааттуу изилдөөнү элестетүүчү таанып-билүүнүн логикалык ыкмасы».*
I, II топтор үчүн таратуучу материал
Топтордо иштөө үчүн тапшырма: Маалыматтарды таблицага киргизгиле жана аларга талдоо жүргүзгүлө
Тест боюнча мугалим 5 суроодон турган ишти өткөргөн соң, анын жыйынтыгы боюнча класстагы 32 окуучу төмөнкүдөй баа алды.
«1»-2, «2» -5, «3»-9, «4» -11, «5» -3. 2 окуучу сабакка катышкан эмес.
Суроолор боюнча тестте төмөндөгүдөй санда каталар кетирилген:
1.суроо -3
2. суроо -9
3. суроо -0
4. суроо -2
5. суроо -14

**Текшерүү ишинин натыйжаларын талдоо**

**Класс:** 4-б класс
**Тема:** Аттуу сандар менен болгон амалдар.

| *Тизме боюнча окуучулардын саны* | *Текшерүү ишин аткарган окуучулардын саны* | *Алган баасы* | | | | *Катасыз аткарылган иштердин саны (сууролор жана тапшырмалардын саны боюнча)* | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | *«5»* | *«4»* | *«3»* | *«2»* | *№ 1* | *№ 2* | *№ 3* | *№ 4* | *№ 5* |
| | | | | | | | | | | |

| **Мүмкүн болгон кыйынчылыктар** | **Кыйынчылыктарды чечүүгө багытталган кадамдар** |
|---|---|

| **Мүмкүн болгон кыйынчылыктар** | **Кыйынчылыктарды чечүүгө багытталган кадамдар** |
|---|---|
| • | |

**Окуучулардын иштери**

Математика. 3 -класс



6 май

Класс иши

№618 маселе

8 · (360 : 90) + 54 : 6 = 329

1) 360 : 90 = 40

2) 54 : 6 = 9

3) 40 · 8 = 320

4) 320 + 9 = 329

№619 маселе

Ар – 24 } ?

Кр – ? 3 э. >

Калды – 16 р.

Сатылды – ? р

I способ

1) 24 · 3 = 81 (р) – ак

2) 81 + 24 =

3)2) 81 – 16 = 65 (р) – кал.

24 · 3 – 16 = 65 (р)

Жооб: 65 роза сатылды

## *Жазуу түрүндөгү кайтарым байланыш*

**Кайтарым байланыш -** бул конкреттүү кыймылдар, учурлар, талаш суроолор жөнүндө комментарийлерди берүү жана алуу процесси, ал максатка эң натыйжалуу жетүүнүн жолу. Жазуу түрүндөгү кайтарым байланыш окуучуларга маанилүүрөөк жана түшүнүктүү болушу керек. Алар (окуучулар) өз иштерине кылынган комментарийлерди түшүнүп, сунуштарды колдонуп, иштерин жакшырта алышы керек.

Калыптандыруучу баалоодо мугалим окуучулардын жазуу иштерин текшерет, бирок мындай баалоонун түрүндө баа коюу пландаштырылбайт, ал эми окуучунун дептеринде сунуштар жазылат, мугалим ар кандай белгилерди, түстөрдү колдонот. Мисалы, жашыл түстөгү куш белгиси менен иштин ийгиликтүү жерлерин белгилейт. (башка түс менен каталарды белгилейт жана ишти жакшыртуу боюнча конкреттүү сунуштарды жазат).

Окуучуга ишти кайрып берип жатканда жакшыртылган ишти кайрадан мугалимге тапшыруунун мөөнөтү аныкталат.

Натыйжалуу кайтарым байланыш болуш үчүн окуучулар төмөнкүлөрдү билүүлөрү зарыл:

1. тапшырманын максатын;

2. максатка канчалык деңгээлде жеткенин;

3. максатка жетиш үчүн кылынган иш менен кылына турган иштин айырмасын азайтууну

## Кайтарым байланыш ыкмалары

Кайтарым байланыштын түрлөрүн карап чыгып, алардын окуучулар үчүн пайдалуулугун аныктагыла.

1. Жалпы баа коюу
2. Ар бир критерий, (мисалы туура жазуу, грамматика, логика ж.б.) боюнча өзүнчө баа коюу жана жалпы бир баа коюу.
3. Мугалим бардык каталарды оңдойт жана жалпы баа коёт.
4. Мугалим ката бар жерлердин алдын сызат же тегеректеп коёт, ушул ката менен байланышкан жалпы темага баяндама берет жана окуучулардан аны оңдоону өтүнөт, андан кийин ушул иштин жыйынтыгы боюнча баа коёт.
5. Мугалим баа койбойт, бирок өзүнүн түшүндүрмөлөрүн окуучунун өңүтүнөн алып берет. «Азамат! ……. Бирок, экинчи тапшырманы кантип чыгарганынды мен түшүнө албай койдум ……. ж.б», «Ушул маселени чыгарыш үчүн сен абдан кызыктуу ыкманы колдонуптурсун, бирок чечим чагарганда кээ жерде арифметикалык каталарды кетириптирсиң».
6. Мугалим тапшырманын биринчи бөлүгүндө гана каталарды белгилөө жана алдын сызуу жолу менен үч маселе (тема) боюнча гана эскертүүлөрдү жазат. Андан кийин ал окуучулардан тапшырманын биринчи бөлүгүндөгү каталарды оңдоону, экинчи бөлүгүнөн ушул сыяктуу каталарды табууну жана аларды оңдоону, ошондой эле өзүнүн тапшырмадагы башка каталарды табууга аракеттенүүнү өтүнөт.
7. Мугалим окуучуларга алар өз тобунда өзүнүн тапшырманы окуп бериши, андан кийин окуучулар мурда аныкталган критерийлерге негизденүү менен баа коюушу керектигин айтат. Окуучулардын эң жогору упай алган иштери андан кийин мугалим тарабынан текшерилет.

*Баалоону анын жыйынтыктары окуучуларга пайдалуу болгондой кылып өткөрүү керек.!!!*

**Жыйынтыктоочу баалоонун процедуралары жана кадамдары:**

**1 -кадам.** Сиздердин окуучуларыңыздар жетиш керек болгон окутуунун максаттарын карап чыгыңыздар.

**2 -кадам**. Көрсөткүчтөрдү аныктаңыздар. Көрсөткүчтөр максат ишке ашкандыгын же ашпагандыгын далилдерин унутпаңыздар.

**3 -кадам.** Көрсөткүчтөрдү баалоо куралдарын иштеп чыгууда колдонуңуздар.( эгерде окутуу максаттарын колдоно албасаңыздар).

**4 -кадам**. Критерийлерди жана бүтүндөй баалоого жараша ар бир критерийдин пайыздык катнашын аныктаңыздар.

**5 -кадам.** Баалоого боло турган тапшырма бериңиздер.

**6 -кадам.** Критерийлерди колдонуп, иштердин жыйынтыктарын баалаңыздар.

**7 -кадам.** Бааларды коюп, иштерди кайтарып бериңиздер.

**8 -кадам**. Каталар